# ФЕРГАНА МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ПЕДАГОГИКА, ПСИХОЛОГИЯ ЖАНА ИСКУССТВО ФАКУЛЬТЕТИНИН БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА МЕТОДИКАСЫ КАФЕДРАСЫНА МОБИЛДҮҮЛҮК

2025-жылдын 27–28-февралында Кыргыз Республикасынын Ош мамлекеттик университетинин Педагогика, искусство жана журналистика институтунун Баштапкы билим берүү, тилдер теориясы жана адабият таануу кафедрасынын доценттери М.Мадумарова, Ч.Гапарова жана З.Бекмуратов Фергана мамлекеттик университетинин педагогика, психология жана искусство факультетинин Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасына мобилдүүлүккө барды. Аталган факультеттин жетекчилиги жана кафедранын жамааты менен таанышып, өз ара тегерек стол уюштурулду. Илимий-практикалык жактан түрдүү багыттарда тажрыйба алмашышты. Төмөнкү багыттарда конок-лекциялар окулду:

Гапарова Чынаркан Абдураимовна 60110500 – баштапкы билим берүү багыты боюнча 4-курстун студенттери үчүн "Бала фольклору" дисциплинасынан 16 сааттык практикалык сабактарды окуду. “Тексттер менен иштөө” деген темада Ч. Гапарова ФерМУнун 2 курстарына мастер-класс өтүп, студенттерге методикалык багыт берди.

Мадумарова Малохат Косимовна 60110500 – баштапкы билим берүү багыты боюнча 4-курстун студенттери үчүн "Башталгыч класстарда лингвистикалык компетенцияларды калыптандыруу" дисциплинасынан 16 сааттык практикалык сабактарды өткөрдү. М.Мадумарова ФерМУнун 4-курс студенттери менен “Туташ жана туташ эмес тексттер менен иштөө” деген темада мастер-класс уюштурду.

Бекмуратов Замирбек Топчиевич 60110500 – баштапкы билим берүү багыты боюнча 4-курстун студенттери үчүн "Бала фольклору" дисциплинасынан 16 сааттык практикалык сабак өттү. “Кеп өстүрүүдөгү ыкмалар” деген темада З.Бекмуратов 4-курс студенттерине мастер-класс өттү.

ОшМУнун БББТАТМ кафедрасынын илимпоздору тарабынан уюштурулган конок-лекциялар, мастер-класстар студенттердин кесиптик даярдыгын тереңдетүүгө, балдар фольклору жана башталгыч класстарда лингвистикалык компетенцияларды калыптандыруу боюнча теориялык билимдерин практикалык көндүмдөр менен бекемдөөгө багытталды. Сабактар студенттердин предметтик билимин арттырууга, чыгармачыл ой жүгүртүүсүн жана методикалык компетенцияларын өнүктүрүүгө өбөлгө түздү. Бул окутуу иш-чаралары окуу жайлардын эл аралык деңгээлде билим берүү боюнча тажрыйбаларын алмашышып, билим сапатын жогорулатууга жана келечектеги башталгыч класстар мугалимдерин мыкты даярдоого салым кошту.





